БЕКИТЕМИН
№1 гимназия-жатак интернатынын
директору ________ Н.Тагаева
«___» ________ 2022-жыл

**№1 гимназия-жатак интернатында физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү түзүү жөнүндө жобо**

Бул жобо жалпы билим берүү уюмдарында билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун жогорулатуу маселери боюнча КРнын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 17-июнундагы №295 токтомуна, Билим берүү жана илим министрлигинин 2029-жылдын 31-июлундагы №928/1 буйругуна жана мектептик билим берүү чөйросүнүн коопсуздугунун стандарттарынын топтомуна ылайык түзүлдү.

1. Жалпы жоболор

1.1. Мектептик билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун жогорулатуу, коопсуздукту аныктоо, о.э. билим берүү процессинин каышуучуларынын өз ара маселерин баалоо, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн мектептин коопсуздугу боюнча кеңеш жүргүзүлөт (мындан ары кеңеш)

2. Кеңештин максаты жана милдеттери

2.1. Кеңештин максаты - билим берүү чөйросүнүн коопсуздугун камсыздоого көмөктөшүү;

2.2. Кеңештин милдеттери:

-Мектеп жетекчилиги менен биргеликте мектептин коопсуздугун жакшыртуу максатында иш мерчемдерди пландоо

-Кызыкдар тараптардын билим берүү чөйросүнүн коопсуздугу боюнча ой-пикирлерин кабыл алуу жана туура чечим чыгаруу

-Кеңештин ишинин жыйынтыктарын билим берүү процессинин катышуучуларына жана кызыкдар тараптарга маалымат берүү (мектеп жетекчилигинин макулдугу менен)

-Кеңеш мектептин имараттарын тиешелүү техникалык санитардык, өрткө каршы, экологиялык жана архитектуралык-эстетикалык абалын баалайт, көзөмөлдөйт, байкоо жана мониторинг жүргүзөт.

-Окуу жабдуулары, спорттук жабдуулар окуучулардын бою, жашынын өзгөчөлүктөрүнө ылайык келишин аныктайт, баалайт жана мониторинг жүргүзөт.

-Билим берүү процессинин катышуучуларынын зордук-зомбулуксуз жүрүм-турумунун дискриминациялык эмес, толеранттуу чөйрөнү баалайт, көзөмөлдөйт, байкоо жана мониторинг жүргүзүп турат.

-Мектеп жетекчилиги мугалимдерден, ата-энелерден жана окуучулардан анкета алат.

-Окуу жылында кеминде 3 жолу чогулуш өткөрөт.

3. Кеңештин курамын түзүү

3.1. Кеңеш - көз карандысыз коллегиалдуу туруктуу орган.

3.2. Кеңештин курамы мектептин жалпы чогулушунда 2 жылга шайланат жана 9 адамдан түзүлөт. Курамына мектеп жетекчилиги, соцпедагог, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү, ИДН, жогорку класстын окуучулары, ата-энелер кире алат.

3.3. Кеңеш өз каалоосу менен же мектептин жалпы чогулушунда мөөнөтүнө жетпей таратылышы мүмкүн.

**Лейлек районундагы №1 гимназия-жатак интернатынын физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү түзүү жөнүндө жобосу 2022-жылдын 30-августундагы №1 гимназия-жатак интернатынын №1 педагогикалык кеңешмесинин чечими менен кабыл алынды.**